DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

*Атамбаева У.Ж.*

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК МУГАЛИМДЕР ИНСТИТУТУ: ТАРЫХЫЙ САРЕСЕП

*Атамбаева У.Ж.*

# ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УЧИТЕЛЬСКИЙ ИНСТИТУТ: ИСТОРИЧЕСКИЙ ВЗГЛЯД

*U.Zh. Atambaeva*

# OSH STATE TEACHERS' INSTITUTE: HISTORICAL VIEW

*УДК: 9.93*

*Макала 80 жылдык тарыхы бар Ош мамлекеттик университетинин башаты болгон Ош мамлекеттик мугалимдер институтунун тарыхын чагылдыруу максатында жазылган. Мугалимдер институту, педагогикалык институт катары калыптанып, 1992-жылы университет статусун алган Ош мамлекеттик университетинин (ОшМУ) тарыхы, азыркы учурдагы билим берүү жаатынын тарыхындагы олуттуу иликтөөлөрдү талап кылаары талашсыз. Маселенин актуалдуулугун учурдагы ааламдашуу жараянынын алкагында Кыргызстандын билим берүү жана илим тармагынын флагманы болгон Ош мамлекеттик университетинин, кечээки элеттик институттан университетке, андан бүгүнкү Кыргызстандын эле эмес Борбордук Азия чөлкөмүнүн алдыңкы жогорку окуу жайы болуп калыптануусун комплекстүү изилдөө аныктайт. ОшМУнун үч этаптуу тарыхый баскан жолунун алгачкы мезгили – ОшММИнин өнүгүү тарыхын комплекстүү изилдөөнү максат кылдык. Демек, биздин максат ОшММИнин тарыхын ар тараптуу иликтөө, талдоо, алардын натыйжасында негизги тыянактарды, натыйжаларды баса белгилөө болуп эсептелет. Бул жагынан алганда тема актуалдуу экени талашсыз. Коюлган максат, милдеттерге жетиш үчүн кыргыз билим берүү жаатын изилдөөдө пайдаланылган тарыхтар принциби, тарыхый объективдүүлүк, эмпирикалык (сүрөттөө, классификациялоо, талдоо, салыштыруу, тарыхый фактыларды калыбына келтирүү ж.б.) ыкмалары колдонулду. Изилдөөнүн жүрүшүндө түштүк чөлкөмүндөгү алгачкы жогорку окуу жай ОшММИнин жалпы ишмердүүлүгү, МТБ, ОПК сапаттык абалы, студенттеринин контингенти жана курамы терең иликтенди. Башка жарык көргөн маалыматтардан айырмасы жана биздин иликтөөлөрдүн тыянагы ОшММИ түзүлүшүнүн өбөлгөлөрү, окуу мөөнөтү, студенттердин контингенти, факультеттердин кафедралардын, сырттан окуу жана даярдоо бөлүмүнүн ачылышы, өнүгүшү, ОПК, алардын сапаттык абалы, мугалимдер институтунун согуш мезгилиндеги окуу-усулдук, тарбиялык жана илимий ишмердүүлүгү болду. Институттун өсүп-өнүгүүсүнө салымдарын кошкон жетекчилер аныкталды. Иликтөө көрсөтүп тургандай, аталган маселе аз көңүл бурулган илимий темалардын бири экендиги тастыкталып, кылдат, кеңири жана ар тараптуу изилдөөлөрдү талап кылаары байкалды. Изилдөөнүн жыйынтыктарын тарыхчылар, чөлкөм таануучулар жана билим жаатын изилдөөчүлөр өз эмгектеринде пайдаланышса болот.*

***Негизги сөздөр:*** *мугалимдер, институт, буйрук, сапаттык абал, студенттер саны, материалдык базасы, жетекчилер.*

*Актуальность проблемы определятся тем, что предпринята попытка комплексного изучения деятельности Ошского государственного университета (ОшГУ), имеющую 80-летнюю историю, за все время существования, также в нынешних условиях всемирной глобализации. ОшГУ флагман ситсемы образования и науки не только современного Кыргызстана, но всего региона Центральной Азии. В данном случае, мы комплексно изу-чаем первый из трех этапов развития ОшГУ, историю Ошского государственного учительского института. Целью является попытка предпринять всестороннее изучение истории ОГУИ, анализ имеющихся материалов и авторских выводов. С этой позиции выбранная тема актуальна, если учесть, что это начальная стадия становления ОшГУ. Следовательно, обьектом исследования являются первый вуз на юге страны – Ошский государственный учительский институт, комплексное изучение МТБ, улучшение качественного состава преподавателей, увеличение контингента студентов и анализ их национального состава. В отличие от других работ наши исследования всесторонне отразили основы создания ОГУИ на юге Кыргызстана, учебно-методической, воспитательной и научно-исследовательской деятельности вуза, сроки обучения студентов, контингент студентов, открытие факультетов, кафедр, отделения заочного обучения, улучшения качественного состава, а также деятельность ОГУИ в годы войны. Мы также установили всех руководителей, внесших свой вклад в развитие института. В результате наших исследований, на основе архивных документов были установлены многие новые факты по истории ОГУИ. Опираясь на архивные документы, мы достигли поставленных целей и задач, вынесли авторские выводы. Статья предназначена для студентов, магистрантов, аспирантов, ППС, краеведам и тем, кто*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*интересуются историей ОшГУ.*

***Ключевые слова:*** *учителя, институт, приказы, качественный состав, количество студентов, материальная база.*

*The actuality of the problem is determined by the fact that an attempt has been made to study the activities of Osh State University comprehensively, for all the period of its existence, also during the current conditions of world globalization. Osh State University is the leader of education and science system in Modern Kyrgyzstan. In this article, we study comprehensively the first stage of Osh State University development out of the three stages and the history of the Osh State Teachers' Institute. The goal the article is to make an attempt to study comprehensively the Osh State Teachers' Institution history, available material analysis and authors' findings. From historical perspective, the chosen topic is relevant, taking into account the initial stage of the Osh State University formation.Consequently, the object of the study is the first university in the south of the country - OSTI, its MTB, improvement of teaching staff quality, increase of the student number and analysis of students' national contingency. Unlike other scientific works, our research comprehensively reflected the foundation of OSTI creation in the South Kyrgyzstan, the terms of student study, the student contingency, the creation of faculties, departments, distance learning departments, improving the staff quality, as well as the activities of OSTI during the war years. We also identified all the leaders who contributed to the development of the institute. As a result of our research, on the basis of archival documents, it was discovered that in 1939-51 OSTI trained more than 3000 young specialists in pedagogical programmes. It has been found that there were only 3 faculties with three specialties and 3 departments at the institute at the beginning, then at the end there were 5 faculties with seven specialties and 9 departments. The qualitative staff of teachers has also improved significantly, especially due to the arrival of the evacuated Rostov State University and the Pedagogical Institute. Based on archival documents, we achieved our goals and objectives, and made our conclusions. The article is intended for students, undergraduates, postgraduates, teaching staff, local historians and those who are interested in the history of Osh State University.*

***Key words:*** *teachers, institute, orders, qualitative staff, number of students, material base.*

**Актуалдуулугу.** Кыргызстандын жогорку билим берүү тармагын жалпысынан изилдөөлөр кеңеш доорунда көп эле болгон. Бирок бир жогорку окуу жайдын өнүгүүсүн ар тараптан иликтөө дээрлик жокко эсе. Ошондуктан азыркы ОшМУнун башаты болгон, өзүнүн тарыхы, ээлеген орду, өлкөнүн билим берүү жаатынын өнүгүшүнө кошкон салымы менен айырмаланган ОшММИнин унутта калып кеткен, анча терең изилденбеген тарыхын кеңири иликтөө талашсыз милдет экени анык. Айрыкча ОшМУнун 80 жылдык мааракесинде - Ош мамлекеттик мугалимдер институтунун тарыхы, түштүк чөлкөмүндөгү алгачкы жогорку окуу жай катары өз актуалдуулугун жоготпогондугу тастыкталды. Ош мамлекеттик мугалимдер институтун тарыхын обьективдүү, комплекстүү иликтөө теманын актуалдуулугун айгинелейт. Акыркы мезгилге чейинки жана азыркы кыргыз тарыхнаамасында жалпы жогорку билим берүү жаат диссертациялык иликтөөлөрдүн, илимий монографиялардын обьектиси болгон учурлар кездешет. Бирок баштапкы тепкичи ОшММИ болгон ОшМУнун элеттик университеттен эл аралык аренада орду бар ири университетке айланганы тууралуу илимий эмгектер жокко эсе. Дал ушул таризде алганда тандалган теманын актуалдуу экени талашсыз көрүнүш.

**Изилдөөнүн деңгээли.** Негизи өлкөбүздүн жогорку окуу жайларынын жалпы өнүгүү тарыхы, тээ кеңеш доорунда эле республикабыздын белгилүү окумуштуулар тарабынан жеткиликтүү деңгээлде изилденгени маалым. Республикадагы билим берүү жаатынын өнүгүүсү, жогорку окуу жайлары, алардын уюштурулушу, окуу-усулдук, тарбиялык, илимий-изилдөө иштери, ОПК жана студенттеринин контингенти, педагогикалык жогорку окуу жайларда өлкөбүздүн мектептери үчүн мугалимдерди даярдоо, алардын квалификациясын жогорулатуу тууралуу маселелер олуттуу окумуштуу А.Э. Измайловдун эмгектеринде изилденген [1,2]. Кеңеш доорундагы Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын түптөлүүсү, өнүгүү жараяны, алардын ар тараптан бекемделиши, көп тармактар боюнча жаш адистерди даярдоодо жогорку окуу жайлардагы факультеттердин, кафедралардын кошкон салымын, алардын окуу-усулдук, илимий, тарбиялык иштери окумуштуулар Каниметов А., Айнекенов Р. тарабынан иликтенгени маалым [3]. ОшММИ тууралуу бир катар маанилүү маалыматтар атайын документалдык жыйнакка киргизилген [4]. Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын тарыхы профессор С.А.Токтогоновдун эмгегинде да чагылдырылган [5]. Аталган эмгектерде негизинен ошол кездеги борбордогу ири окуу жайларга кеңири токтолушуп, элет жериндеги жогорку окуу жайлар, алардын ичинде Ош мамлекеттик мугалимдер жана педагогикалык институту анча терең изилденген эмес. Эгемендүүлүк жылдарында ОшМУ бир катар ийгиликтерге жетишип, өлкөбүздөгү, чөлкөмдөгү эл аралык аренага чыга алган алгачкы университет катары тааныла баштаганда жана анын маарекелеринде кайрадан иликтөөгө алына баштады. Бул таризде, Ош мугалимдер институту тууралуу учкай маалыматтар ОшМУнун 60 жылдык маарекесине арналган жыйнакка киргизилген [6]. ОшММИнин түзүлүшүн, калыптанышын, согуш кезиндеги ишмердүүлүгүн,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



педагогикалык институтка айланышын чагылдырган атайын жыйнакты айтса болот [7]. ОшМПИ жана ОшМУнун ректорлору, алардын ишмердүүлүгү, өмүр таржымалдары тууралуу маалыматта С.Токтогоновдун чакан эмгегинде камтылган [8].

**Изилдөөнүн максаты.** Ош мамлекеттик мугалимдер институтун ОшМУнун алгачкы тепкичи катары, 1939-1951-жылдардагы жалпы өнүгүү тарыхын комплекстүү иликтөө, талдоо, алардын натыйжасында негизги тыянактарды, натыйжаларды баса белгилөө, изилдөөнүн негизги максаты жана милдети болуп эсептелет. Демек изилдөөнүн объектиси түштүк чөлкөмүндөгү алгачкы жогорку окуу жай катары ОшММИнин түзүлүүсү, МТБ, ОПК сапаттык абалы, студенттердин контингентин, курамын терең ар тараптуу иликтөө болду.

**Изилдөө ыкмалары.** Бир эле жогорку окуу жайдын тарыхын ар тараптан изилдөө аракети бир нече методологиялык принциптерге жана ыкмаларга таянып иликтөөнү талап кылат. Изилдөөнүн олуттуу, орчундуу маселелерин чечүүдө коюлган милдеттерди ишке ашыруу максатында, илимий изилдөөнүн төмөндөгүдөй методологиялык, усулдук ыкмалары, негиздери жана комплекстери колдонулду. Алар историзм, обьективдүүлүк принциптери; жалпы илимий ыкмалар - анализ жана синтез, атайын тарыхый-салыштырма, проблемалык-хронологиялык ыкмалары; фактылык материалдарды системалаштыруу, жалпылоо жана аларды илимий айлампага киргизүү ыкмалары кеңири колдонулду. Тарых илиминдеги негизги методологиялык принциптердин бири историзм принциби. Бул принципке ылайык, тарыхый фактылар, урунтукту окуялардын жүрүшү, өнүгүшүнүн баардык учурлары логикалык жана хронологиялык таризде ыраатуу каралышы зарыл. Изилдөөнүн жүрүшүндө тарыхый объективдүүлүк ыкмасы да өзгөчө орунду ээлейт. Анткени изилденип жаткан окуялар, өнүгүү жараяндары кайсыл бир маанайда жогору же төмөн бааланып, кимдир бирөөлөрдүн таңуулоосуна дуушар болуп, такыр башкача нукта талданып калбашы керек. Эң негизгиси, жогорудагы принциптер изилдөөнүн предметин комплекстүү талданып, иликтенишине шарт түзүп берет.

**Автордук изилдөөнүн нукура жыйынтыктары** ОшМУнун баскан жолун 3 мезгилге бөлүү тарыхый өңүттө туура болот:

**1.** 1939-51-жылдарда **Ош мамлекеттик мугалимдер институту;**

**2.** 1951-92-жылдары **Ош мамлекеттик педагогикалык институту;**

**3.** 1992-жылдан азыркы кезге чейин **Ош мамлекеттик университети.**

Кээ бир тарыхый адабияттарда, азыркы даңазалуу ОшМУнун башатын өтө эле жөнөкөйлөтүп – **мугалимдер институту** деп атап келишкен. Биздин архивдик иликтөөлөрдүн натыйжасында, институт расмий түрдө **Ош мамлекеттик мугалимдер институту** деп аталганы тастыкталды [9, 18-б.; 7-б.; 2-4-бб.; 102-135-бб.]

Архивдик документтерде маалым болгондой, Кыргызстан КП (б) 1939-жылдын 22-25-февралында болгон 3-курултайында Ош шаарында атайын мугалимдер институтун ачуу демилгеленген. Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Кеңешинин 1939-жылдын 10-августундагы чесчимине ылайык эки жылдык **Ош мамлекеттик мугалимдер институту** ачылып, анын студенттерин толуктоо үчүн Фрунзе мугалимдер институтунан 50 студент которуп келинген. ОшММИнин **тарых** жана **филология**, **физика** жана **математика**, **табият таануу** жана **география** факультетинде педагогикалык адистерди даярдоого 1939-1940-окуу жылында 1-курска **53** студент кабыл алынган [10, 102-104-бб.; 85-б.; 1-4, 29-30-бб.; 35-б.] ОшММИнин 1939-1951-жылдар аралыгындагы ар бир беш жылдагы ОПК, студенттердин жана адистиктердин жалпы саны төмөндө көрсөтүлдү [11, 35-б., 247-б.; 1-3-бб.; 18,35-бб.].

| № | | 1939-1940-окуу жылы | 1944-1945-окуу жылы | 1950-1951-окуу жылы |
|---|---|---|---|---|
| 1. | ОПК жалпы саны | **9** | **32** | **36** |
| 2. | Кафедралардын саны | **-** | **9** | **6** |
| 3. | Адистиктердин саны | **6** | **14** | **9** |
| 4. | Студенттер контингенти | **53** | **209** (+**100** угуучу даярдоо бөлүмүнө кабыл алынган) | **377** |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Мында бизди кызыктырган маселелер так, анык жана толук берилген. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги кыйын кезең, катаал жылдарындагы оор абалды Оштогу мугалимдер институту да баштан кечирген. Согуштун алгачкы жылы эле мугалимдер институтунун окуу имаратынын бир бөлүгү медицина кызматкерлерин даярдоочу атайын мектепке жана аскердик госпиталга берилип, экинчи бөлүгүндө окуу жай жайгашкан. Согушка байланыштуу окуу пландары, жараяндары өзгөрүп – беш жылдык окуу мөөнөтү үч жарым жылга, төрт жылдык мөөнөт үч жылга кыскарган. Институтта 1941-жылга 1-курска болгону **42** студент кабыл алынып, 2-курста **52** студент тизмеде болгон, алардын **20** фронтко кеткендигине байланыштуу окууга келген эмес. Жогорудагы кырдаалды эске алуу менен 1941-жылдын 25-октябрында Кыргыз ССР Эл агартуу комиссариатынын чечими менен ОшММИ убактылуу жабылган [12, 29-30-бб.; 17-18-бб.].

Ош мамлекеттик мугалимдер институту өз ишмердүүлүгүн Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде жигердүү уланткан. Ага жаңы өбөлгө түзгөн шарт, 1942-жылдын 20-сентябрында Ростов мамлекеттик университети жана педагогикалык институту эвакуацияланып келгени болгон. Согуштун оор сыноолоруна карабай, кыска мөөнөттө толук иштөөсүнө шарт түзүү талап кылынган [9, 190-б.]. Ошентип, курамында **9** профессор, **25** доцент, **25** окутуучу, **14** ассистент жана лаборанттары бар Ростовдун жогоруда аталган эки окуу жайы жана ОшММИ шартка ылайык, бир окуу жайга бириктирилип, өз жумушун баштаган. Ош мугалимдер институтунун окуу имараты жана эки мектептин (азыркы Ош шаарындагы №18, 22 мектептер) он сегиз класстык бөлмөсү эвакуацияланып келген Ростов университетинин жана педагогикалык институтунун карамагына өткөрүлүп берилген. Аталган университеттин профессордук-окутуучулук курамы тез арада окуу процессин уюштурууга жетишип, Ош шаарынын жана областынын коомдук-саясий турмушуна активдүү аралаша баштаган. Окуу жайда он бешке жакын атайын лабораториялар, кабинеттер түзүлүп, практикалык сабактар адистештирилген аудиторияларда өткөрүлө баштаган. Бул аракеттер РСФСР Эл агартуу комиссариатынын 1942-жылдын 21-октябрындагы “В.М. Молотов атындагы Ростов университети жөнүндөгү” буйругуна ылайык аткарылган. Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу жылдарында Ош мамлекеттик мугалимдер институтунун студенттери өздөрүнүн мыкты окуулары менен жеңишке өз салымдарын кошушкан. Мисалы, 1943-жылы О.Е. Пистояк, Т.С. Матиенко, Д.С. Ясинская сыяктуу студенттер Сталиндик стипендияга жетишкен. Физика-математика факультетинин студенти В.А. Тищенко Ньютон атындагы эл аралык стипендияга жетишкен [13, 190-195-бб.; 1-7-бб.].

Ош мамлекеттик мугалимдер институтунун базасындагы биргелешкен 3 окуу жайдын ОПК жана студенттери согуштун оор мезгилине карабастан эл чарбасына, илимий изилдөө иштерине өз салымдарын кошушкан. Мисалы, ОПК жана окумуштуулар жамааты 1942-1943-жылдары **27** илимий экспедицияларды уюштурушкан. Ар бир кафедра, факультет чөлкөмдүн маселелерин чечүү, согуштук буйуртмаларды аткаруу максатында илимий изилдөөлөрдү уюштурушкан. Мисалы, доценттер П.Я. Баранов, И.Шамрай, П.Мирошниковдор Ноокат районунун минералдык-сырье комплекстерин, темир боекторунун запастарын изилдешкен. ОПК илимий изилдөө иштерин таштаган эмес. 1942-44-жж. Ошко келген Ростов университетинин 3 окумуштуусу диссертацияларын коргоого жетишкен [14, 195-б.].

Кыргыз ССР Эл комиссарлар Кеңешинин 1944-жылдын 29-сентябрындагы №674 токтомуна ылайык, улуттук адистерди даярдоону көбөйтүү максатында, ОшММИнин алдында 100 кишилик **даярдоо курсу** ачылган. Даярдоо бөлүмүн каржылоо үчүн республикалык бюджеттен 111,7 миң рубль бөлүнгөн. 1-октябрда даярдоо бөлүмүндө угуучулар үч тайпада окуй башташкан [15, 47-б.; 102-103-бб. 47-б.].

Дагы бир маселе, Улуу Ата Мекендик согуш аяктаган, жеңиштүү 1945-жылкы жогорку окуу жайларга кабыл алуу болгон. Анын өзгөчөлүгү, 1945-жылдын 29-майында Кыргыз ССРинин ЭКК Агартуу министрлигинин “1945-46-окуу жылына жогорку педагогикалык окуу жайларга кабыл алуу планы жана жаңы окуу жылга даярдык” аттуу №117 буйругу, 1945-жылдын 1-июнунда бекитилген СССР ЭКК “ССР Союзунун жогорку окуу жайларына кабыл алуунун Жобосуна”, 13-июлунда “Жогорку окуу жайларга жана техникумдарга тапшырган Ата Мекендик согуштун катышуучуларына жеңилдиктер жөнүндө” атайын буйругуна жараша болгон. Ал документтерге ылайык, ***биринчиден,*** орто мектептерди эң мыкты бүткөн согуштун катышуучуларына жогорку окуу жайларга кирүү сынактарсыз кабыл алуу каралган. ***Экинчиден,*** кирүү экзамендерин ийгиликтүү тапшырган согуштун катышуучуларын конкурссуз кабыл алуу каралган. ***Үчүнчүдөн,*** согуш каармандары даярдоо бөлүмүнө, курстарына окуу үчүн акча төлөөдөн бошотулган. Мындай иш чарадан ОшММИ четте калган эмес. Шартка жараша институтка – 150 студент кабыл алынып, анын 80 кыргыз болгон. Ал эми согуштан кийинки 1946-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жылдын 1-ноябрында Оштогу мугалимдер институтунун күндүзгү бөлүмүнүн 1-2-курсунда - **270**, 1946-жылдын 1-январынан сырттан окуу бөлүмүндө - **429** студент, жалпы **699** студент билим алышкан. Алардын окуу жараянын институтта төмөнкү кафедралар ишке ашырган: 1. Кафедра марскизма-ленинизма; 2. Тарых *(кыязы жалпы тарых – автор)*; 3. Табият таануу жана география; 4. Химия, физика жана математика; 5. Кыргыз жана өзбек тили; 6. Орус жана чет тилдери; 7. СССРдин жана Кыргызстадын тарыхы; 8. Педагогика; 9. Аскерге даярдоо [16, 18, 51, 58, 59, 61, 64-66,71-б.; 1-3, 4-б; -35-б., 28-30, 35-бб.; - 63-б.]

Ростов университетинин өз мекенине кайра көчүп кетээрин эске алып Кыргыз ССРинин Эл комиссарлар Кеңеши 1944-жылдын 21-мартында Ош мамлекеттик мугалимдер институтун кайрадан өз алдынча окуу жай катары ачуу жөнүндө токтом кабыл алган. Ростов университетинин 116 студенти институтка которулуп, анда тарых-филология, физика-математика, табият таануу-география факультети түзүлгөн. Ошентип, **1944-жылдын 22-мартынан** ОшММИ кайрадан жандандырылып, Ростов мамлекеттик университети жана педагогикалык институту 1944-жылдын 2-майында өз мекенине кайта көчүрүлгөн [17, 3-б.;24-25-бб.;29-б.]. Ростов университетинин 3 окутуучусу Ош мамлекеттик мугалимдер институтунда калып, иштөөнү чечишкен. Алар, химия илимдеринин кандидаты Г.Кошурников, тарых илиминин кандидаты Я.Рубин жана улук окутуучу И.Я.Волисондор болушкан. Мындан сырткары Ростов университетинин 1943-жылдагы бүтүрүүчүсү Н.Э. Штраус, 1944-жылкы бүтүрүүчүсү С. Бурнашевалар институттун окутуучуларынын катарын толукташкан [18, 7-11-бб.]. Ошол убакта улуттук адистерди даярдоо маселеси олуттуу болгону талашсыз. ОшММИнин акыркы 1950-1951-окуу жылында күндүзгү окуу бөлүмүндө **377** студент окуса, алардын **274** кыргыз жаштары болушканы кубанарлык көрүнүш болгон [19, 5-6-бб.].

**ОшММИ материалдык-техникалык базасын чыңдоо.** Алгачкы Ош мамлекеттик мугалимдер институтунун окуу корпусу Ош шаарынын Фрунзе көчөсүнүн №50 үйүндө (азыркы ОшМУнун №2 окуу имараты) жайгашкан. Окуу жайдын материалдык-техникалык базасын түзүү жана чыңдоо максатында Кыргыз өкмөтү тарабынан 1939-жылы 400000, 1940-жылы 743000 сом акча каражаты бөлүнгөн. Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Кеңешинин 1939-жылдын 13-сентябрындагы жыйынында атайын токтом кабыл алынып, ага ылайык Эл агартуу комиссариатына, жаңы кабыл алынган студенттерди жатакан, ашкана, көмүр, ОПК квартиралар, жатаканалар менен камсыздоо жергиликтүү органдарга милдеттендирилген. 1941-жылы Ош мугалимдер институтунун окуу имаратынын жалпы аянты 437,6 $м^2$ болгон. Институтка тиешелүү жатакананын аянты 105 $м^2$, ижарага алган жатакананын аянты 234 $м^2$ түзгөн. Институттун жатаканасында 40 студент жашаган. Студенттерди жатакана менен камсыздоо 30-35% түзгөн. Институттун пайдалануусунда чакан спорт залы, жайкы спорттук аянтча болгон. Мамлекет тарабынан институттун МТБ чыңдоо максатында ар жылы бюджеттен олуттуу каражаттар бөлүнүп турган. Мисалы, 1946-жылга институтка бюджеттен 1571000 рубль чыгымдалып, МТБ чыңдоого жумшалган. Ошол жылдары институттун дирекциясы Кыргыз ССРинин Министрлер Кеңешинен студенттер үчүн 300 орундук жатакана жана окутуучулар үчүн 15 квартира куруп берүү маселесин койгон. [20, 182,347-бб.; 85-б. Арты, 86-б. 128-б.; 1-3,6-бб.;28-33,35-38-бб.; 128, 1-3,26-27-бб.; -1-3,6,28-33,36-37-бб.; 16-17-бб.]

**ОшММИ сырттан окуу бөлүмү.** Ош мамлекеттик мугалимдер институтунун дагы бир өзгөчөлүгү, алгач студенттер негизинен күндүзгү окуу бөлүмүндө билим алышса, 1945-1946-окуу жылы сырттан окуу бөлүмү ачылып, 200 угуучу кабыл алуу пландалган. Сырттан окуу бөлүмүн уюштурууда негизинен Кыргыз ССРинин Министрлер Кеңешинин 1948-жылдын 18-ноябрындагы “О мероприятиях по улучшению заочного обучения учителей республики”, СССР Жогорку окуу жайлар министрлигинин жана Кыргыз ССРинин Агартуу министрлигинин 1948-жылдын 27-ноябрындагы №268 “О мероприятиях по улучшению заочного обучения учителей республики”, 1949-жылдын 1-ноябрындагы №464 “О работе с заочниками в КГПИ”, 1949-жылдын 26-октябрындагы №455 “О состоянии работы с учителями заочниками в Ошской области” аттуу буйруктарын жетекчиликке алып, сырттан окуу бөлүмүнүн ишин турмушка ашырып келген. ОшММИнин сырттан окуу бөлүмүнүн баардык адистиктери боюнча 1949-1950-окуу жылында баардыгы болуп 425 студент окуган. Архивдик документтер тастыктагандай, Ош мамлекеттик мугалимдер институтунда сырттан окуган студенттер үчүн Ош областынын аймагында беш консультациялык пункттар уюштурулган:

1. Молотовабад районунда Кызыл-Кыя жана Жаңы Ноокат району менен биргеликте;
2. Өзгөн районунда Мырзаке, Совет, Куршаб райондору менен биргеликте;
3. Гүлчөдө Алай району менен биргеликте;

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



4. Сүлүктүдө Лейлек району менен биргеликте;

5. Ошто, Ош шаары, Ош, Төлөйкөн райондору менен биргеликте.

Ар бир консультациялык пункттарда окутуучулар сырттан окуган студенттерге ар тараптуу кеңеш берүүдөн башка, аларды окуу, тематикалык пландар, программалар, инструкциялар менен камсыздашкан. Ош мамлекеттик мугалимдер институтунун сырттан окуу бөлүмүнүн акыркы бүтүрүүчүлөрү 1951-жылга туура келет, ал жылы баардык адистиктерден 113 бүтүрүүчү окууну ийгиликтүү аякташкан [21, 19-20, 43-47-бб.;16-17-бб.;4-б.;2-4-б.;7-8-бб.].

ОшММИнин тарыхын иликтөөдө аны жетектеген, окуу жайдын калыптануусуна, өсүп-өнүгүсүнө өз салымдарын кошкон институттун директорлорун атабай кетсек туура болбойт.

Алар:

***Козловский*** *- 1939-1941-жж.;*

***Романенко*** *- 1942-43-жж.;*

***Кашурников*** *- 1943-44-жж.;*

***Каримов Т.*** *- 1944-ж.;*

***Хашагульгов М.М.*** *- 1945-46-жж.;*

***Камалов Н.С.*** *-1946-49-жж.;*

***Байсалов С.А.*** *- 1949-51-жж.;*

***Кардаманов*** *- 1951-52-жж.* [22, 18-б.; 7-б.;59-б. арткы бети; 3-4-бб.; 3-б.; 72-б.; 3-б.; 24-25-бб.; 12-б.].

**Корутунду.** Жыйынтыктап айтканда, азыркы даңазалуу ОшМУнун алгачкы баскычы болгон Ош мамлекеттик мугалимдер институту 1939-жылдан 1951-жылга чейин өз вазыйпасын толук аткарды десек болот. Ошентсе да ошол кездеги жогорку билим берүүнүн өнүгүүсү, жаштардын билимге умтулуусу, элет жериндеги мектептердин көбөйүсү, алардын жогорку квалификациядагы мугалимдерге муктаждыгы, алардын жетишпестиги Ош мамлекеттик мугалимдер институтунун Кыргызстандын Түштүк чөлкөмүн жогорку билимдүү педагогикалык адистер менен камсыз кылууга толук мүмкүнчүлүгү жетпей жаткандыгын тастыктап койду. Буга чейин өз вазыйпаларын аткарып, билим берүү жаатына салымдарын кошуп келген мугалимдер институттары согуштан кийинки коомдук турмуштун өсүп-өнүгүүсүнүн талаптарын толук канааттандыра албай калган. 50-жылдардын башында Кыргызстан эле эмес, бүткүл СССР боюнча педагогикалык адистик билим берүү жааты реформаланып, мурдагы мугалимдер институттары жабылышкан же толук орто мектептер үчүн адистерди даярдоочу педагогикалык институттар болуп кайра түзүлгөн. Алардын тарыхый тагдыры Оштогу мугалимдер институтуна да тиешелү болгон. Ошентип 1951-жылы мурдагы Ош мамлекеттик мугалимдер институту Ош мамлекеттик педагогикалык институту болуп кайра түзүлүп, билим берүү сапарындагы байсалдуу жолун татыктуу уланткан.

ОшММИ мезгил талабына шайкеш жогорку билим берүүнүн кийинки тепкичине Ош мамлекеттик педагогикалык институту даражасына өттү. Түштүк чөлкөмүндөгү алгачкы окуу жайдын тарыхын ар тараптуу изилдөө максатында төмөндөгүдөй **практикалык сунуштар берилет.**

- Кыргызстандын Түштүк чөлкөмүндө элге билим берүү саясатын камсыз кылуу максатында ачылган Ош мамлекеттик мугалимдер институтунун тарыхы кеңири изилденип, көп маалыматтар тастыкталышы керек;
- архивдик документтерге таянып Ош мамлекеттик мугалимдер институту 12 жылда 1000 ашык студентти күндүзгү, 2000 ашык студентти сырттан окуу бөлүмүндө даярдаганын дагы толуктоо, пропагандалоо абзел;
- Ош мамлекеттик мугалимдер институтунун ОПК жалпы саны, алардын сапаттык курамынын өзгөрүү тенденциясын кеңири иликтөө милдет;
- ОшММИнин ишмердүүлүгүндө ошол кездеги Кеңеш Өкмөтүнүн улуттук саясатын турмушка ашырууга, айрыкча жогорку билимдүү адистерди даярдоодо кыргыз элинин өкүлдөрүнөн жогорку билимдүү педагогикалык адистерди даярдоого болгон аракетин тереңирээк изилдөө керек.

**Адабияттар:**


1. Измайлов А.Э. Высшие учебные заведения Киргизии. // Советская Киргизия. 1949г. 5 февраля. - С. 2.
2. Измайлов А.Э. Очерки по истории советской школы в Киргизии за 40 лет (1917-57 гг.). - Фрунзе, 1957. - С. 236-237, 312-317.
3. Каниметов А.К., Айнекенов Р.Р. Развитие высшего образования в Киргизии за годы Советской власти. - Фрунзе, 1966. - С.24-31.
4. Сборник документов. КПСС и советское правительство о советском Киргизстане. - Фрунзе, 1974. - С. 348-351.
5. Токтогонов С.А. Из истории высшего образования Кыргызстана. - Б., 2002. - С. 3-4.
6. Ош мугалимдер институтунан башталган жол. ОшМУнун 75 жылдык маарекесине арналат. Түзгөндөр Арстанов С., Исаков К., Шаимкулов О. - Ош, 2014. - 6-76-бб.
7. Ош мамлекеттик университети өнүгүү жолунда. Жооптуу редактор Т.Жумабаева. - Ош, 2012. - 9-12-бб.
8. Токтогонов С.А. Страницы прошлого. Ректоры ОшПИ (ОшГУ). - Жалал-Абад, 1994. - 1-13.
9. КР МБА. -Ф.1725. -Оп.2. -Д.563.-18-бб., Д.589. -7-б., -Д.622. -2-4-бб.,-Д.664.-102-135-бб.
10. КР МБА. -Ф.350. -Оп.10. -Д.23. -102-104-бб., -Д.26. -85-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



б.; -Ф.1725. -Оп.10. -Д.773. -1-4, 29-30-бб., -Оп.2. -Д.664. -35-б.
11. КР МБА. -Ф.1725. -Оп.2. Д.664. -35-б., -Д.926. -247-б.; Только он не вернулся из боя// МСН. Режим доступа, http://www.msn. kg/ru/news/31809/-С.1-3; КР МБА. -Ф.1725. -Оп.2. -Д.664. -35-б., -Д.563. -18-б.
12. КР МБА. -Ф.1725. -Оп.1. -Д.773. -29-30-бб.; Ош мугалимдер институ-нан башталган жол… -17-18-бб.
13. Кононенко В.М. ВУЗы Юга России в годы Великой Отечественной войны// www. Superinf.ru/c.1-7; Белозеров С.Е. Очерки истории… - С.195.
14. Белозеров С.Е. Очерки истории… -С.195.
15. КР МБА. -Ф.1725. -Оп.1. -Д.845. -47-б.; -Ф.350. -Оп.10. -Д. 23. -102-103-бб.; -Ф.1725. -Оп.1. -Д.664. -47-б.
16. Ош областтык мамлекеттик архиви (мындан ары – ООМА). - Ф.228. -Оп. 1. -Д.4. -28-30-бб., -Д.7. -1-2, 41-43, 51,53,58-59,61,64-67,66,71-б., КР МБА. -Ф.1725. -Оп.2. -Д.563. -18-б., -Д.622. -4-б., -Д.664. -35-б., Только он не вернулся из боя// МСН. Режим доступа, http:// www.msn. kg/ru/news/31809/-С.1-3; ООМА. –Ф.228. –Оп.1. Св.1. -Д.34. -63-б.
17. КР МБА. - Ф.1725. -Оп.1. -Д.845. -3-б.; Ош мугалимдер институнан башталган… -24-25-бб.; Ростовский университет 1915-65: статьи, воспомина-ния, документы. - Ростов, 1965. – С.29.
18. Кузнецов А.В., Михеев Н.В. 80-летию. Сборник статьей, посвященной 80-летию профессора Э.М. Липманова. - Ярославль, 2004. - С.7-11.
19. КР МБА. -Ф.1725. -Оп.2. -Д.645. -5-6-бб.
20. КР МБА. -Ф. 1725. -Оп.1. -Д.651. -182, 347-бб., -Ф.350. Оп.10. -Д.23. -85-б. арты, -86-б., -Д.23. -85-б. арты, -86-б., -Ф.1725. Оп.1.Д.773. -128-б., –Оп.2. -Д.605. -1-3, 26-27-бб.;; ООМА. -Ф.228. -Оп.1. -Д.35. -1-3,6,28-33-бб., -Д.3. -36-37-бб.,- Д.35. -35-38-бб.; –Д.25. -16-17-б.
21. ООМА. -Ф.228. -Оп.1. -Д.7. -19-20-бб., -Св.1. -Д.32. -43-47-бб.; КР МБА. -Ф.1725. -Оп.2. -Д.589. 16-17-бб., -Д.622. -4-б.; КР МБА. -Ф.1725. -Оп.2. -Д.622. -2-4-б.; -Д.589. -7-8-бб.
22. КР МБА. -Ф.1725, - Оп.2. -Д.563.-18-б.; ООМА.-Ф.228. Оп.1. Д.7. -7-б.; -Ф.228. -Оп.1. -Д.7. -59-б. арткы бети; Ташполотов Ы., Айтманбетов А. Олжолуу окуу жайдын таржымалы// Zaman Кыргызстан. 27.01.2012. -3-4-бб.; ООМА -Ф. 228. -Оп.1. -Д.4. -72-б.; КР МБА. –Ф.1725. -Оп.2. -Д.605. -3-б.; Ош мугалимдер институтунан башталган... -24-25-бб.; КР МБА. –Ф.1725. -Оп.2. -Д.589. -12-б.